DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



*Пиримбаева Ж.*

# ИМЕЛЬ МОДОБАЕВДИН ЭМГЕКТЕРИ БОЮНЧА ШАБДАН БААТЫРДЫН МЕЗГИЛИНДЕГИ УЛУТТУК ОЮН-ЗООКТОР

*Пиримбаева Ж.*

# НАЦИОНАЛЬНЫЕ ИГРЫ И РАЗВЛЕЧЕНИЯ В ПЕРИОД ШАБДАН БААТЫРА ПО ТРУДАМ ИМЕЛЯ МОЛДОБАЕВА

*J. Pirimbaeva*

# NATIONAL GAMES AND ENTERTAINMENTS IN DURING SHABDAN BAATYR PERIOD BASED ON THE WORKS OF IMEL MOLDOBAEV

*УДК: 793.4 (575.2) (04)*

*Кыргыздардын маданий улуттук оюн-зоокторy кыргыздардын маданий мурасында өзгөчө орунду ээлейт. Жалпылап айтканда бул көйгөй ар кыл мезгилдерде көптөгөн изилдөөчүлөрдүн көңүлүн өзүнө буруп келген. Кыргыздардын оюндарын ар тараптуу изилдешкен ушул окмуштуулардын ичине, кыргыз окумуштуусу - этнограф Имель Бакиевич Молдобаев Шабдан баатырдын доорундагы кыргыздардын улуттук-оюн зоогуна айрыкча көңүл бурган. Илимпоздун 1981-2001 жылдары этнографикалык, фольклордук жана башка жыйноо маалыматтары, ар түрдүү фактылык материалдары бул суроолорду Кыргыздардын коңушу элдер менен болгон тарыхий-маданий байланыштарын окуп үйрөнү үчүн этнографиялык булактын компоненти катары кароонун зарылдыгын далил деп турат. Айрыкча баса көрсөтө кетчү маселе Имель Бакиевич Молдобаевдин илимий жүргүзүлгөн иштери өзүнүн маанисин жана актуалдуулугун бүгүн да жоготкон жок. Анын изилдөөлөрү азыркы муунга алгачкы мурас катары калат деп ойлойбуз.*

***Негизги сөздөр:** улуттук оюндар, окумуштуу, эмгектер, мезгил, кыргыздар, көчмөн эл, маалыматтар.*

*Национальные игры и развлечения занимают особое место в культурном наследии кыргызов. В целом, данная проблема в различные периоды времени привлекала к себе внимание многих исследователей. Среди ученых, исследующих кыргызские игры, кыргызский ученый - этнограф И.Б. Молдобаев уделил особое внимание традиционным играм и развлечениям кыргызов именно в период Шабдан баатыра. Собранные с 1981-2001 годах этнографические, фольклорные и другие собранные данные и разносторонние фактические материалы ученого подтверждают необходимость рассмотрения этого вопроса как одного из компонентов этнографического источника для изучения историко-культурных связей кыргызов с соседними народами. Подчеркивается, что научные исследования И.Б. Молдобаева не теряют своей значимости и актуальности на сегодня и станут наследием следующим поколениям.*

***Ключевые слова:** национальные игры, ученый, труды, период, кыргызы, кочевой народ, информация.*

*National games and entertainments have a special place in the cultural heritage of the Kyrgyz people. In general, this issue has attracted the attention of many researchers at different times. It was I.B. Moldobaev, kyrgyz scientist, ethnographer, who paid special attention to the traditional games and entertainment of the Kyrgyz during Shabdan baatyr period. The versatile factual materials of the scholar, his ethnographic and folcloristic documentation confirm the need to consider this topic as one of the components of ethnographic source for the study of historical and cultural relations of the Kyrgyz with neighboring peoples. It is emphasized that the scientific heritage of I.B. Moldobaev has not lost its significance and relevance to this day.*

***Key words:** national games, scientist, works, period, Kyrgyz, nomadic people, information.*

Кыргыз элинин маданияты ар түрдүү оюн зоокторго өтө бай келет. Кай бир азыркы күндөргө чейин келип жеткен оюндар илгертеден эле белгилүү. Мисалы Енисей кыргыздары күчүнө келип турганда ат чабыш, төө жарыштыруу, арстандарды ойнотуу жана башка оюн-зоокторду билишчү экен. Мындай маалыматтарды биз кытай, араб, фарси тилдерде жазылган эмгектерден билебиз. Деген менен XIX кылымга чейинки кол жазма булактарда кыргыздын оюн-зооктору тууралу маалыматтар сейрек кезигет. Ал эми XIX кылымдан баштап кыргыздын улуттук оюн-зооктору тууралуу алгачкы билдирүүлөр Кыргызстанга келип кетишкен орус окумуштуулары П.П. Семенов-Тян-Шанский, Ч.Валиханов, И.И. Гродеков, Н.В.Сорокин, Н. Северцов, В.И. Липский жана башкалардын илимий иштеринде кездешет.

Толугураак жазгандардын арасында Г. Загряжскийдин макалаларын айтып кетсек болот. Анын «Киргизские очерки: аш или тризна по умершим», «Каракиргизы», «Быт кочевого населения долины Чу и Сыр-Дарьи», «Очерки Токмакского уезда» жана башка макалаларында кыргыздын оюн-зоокторy тууралуу бир топ кызыктуу маалыматтарды таба алабыз.

Кыргыздын оюндары тууралуу жазган авторлордун бири Алибий Рустамбек. Ал «Киргизские игрища» деген кызыктуу очерк жазып калтырып кеткен. Казак жана кыргыз фолклордук, этнографиалык материалдарды жыйноочу А.Диваев да «Туркестанские ведомости» деген гезиттин беттеринде «Древние игры киргизской молодежи» жана «Игры киргизских детей» аттуу макалаларды жарыялаган. Ошол эле гезитте Е.Ковалев «Очерки быта кара-киргизов» жана Ишмухамед Букин «Физическое и умственное воспитание у киргизов» деген билдирүүлөрүн жарыка чыгарышкан. Бирок бул Октябрь революциасына чейинки авторлордун эмгектеринде көбүнчө «ат чабышка» гана көбүрөөк көңүл бурулган. Ал эми кыргыздын калган көп сандаган оюн-зоокторy көз жаздымда калып келген жана да бул тууралуу жазыш аларга татаал

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



болгон.

Совет доорунда А.Т. Рождественскийдин 1929-ж. жарык көргөн «Киргизские национальные игры и спорт» аттуу китеби кыргыз оюндары жөнүндө алгачкы эмгек болуп саналат. Мында ал 20дан ашуун оюндарга мүнөздөмө берип, өз сунуштарын да камтый кеткен. Ошол эле жылы чыккан П. Кушнердин «Горная Киргизия» деп аталган китебинде кыргыздардын оюн-зооктору тууралуу айрым маалыматтар кездешет.

Кыргыздын оюн-зоокторуна совет доорунда бир топ көңүл буруп, аларды изилдеп келген окумуштуулардын бири белгилүү этнограф С.М. Абрамзон болуп саналат. Ал алгачкы ирет оюндарды классификациялоого аракет жасаган. Бирок биринчи жолу кыргыздын оюн-зооктору тууралуу толугураак илимий маалыматтарды Д.Айтмамбетовдун «Культура киргизского народа во второй половине XIX - начале XX века» деген китебинин атайын главасынан окуй алабыз.

Аталган авторлордон тышкары популярдуу формада жазылган Д. Өмүрзаков менен Ю. Мусиндин жана З.Бектенов менен Ю.Мусиндин китептерин жана китепчелерин да айтып кетсек болот. Кыргыздын оюндары тууралуу башка авторлордун да жазганы бар. Мисалы К.Юдахиндин сөздүгүндө эле 200дөн ашуун оюн-зооктордун котормосу чечмеленип берилген.

Совет доорунун акыркы жылдарында чыккан илимий эмгектерден Г.Н. Симаковдун китебин атап кетсек болот. Биз жогоруда көрсөткөн кыргыз оюндарынын кыскача историографиясы аталган автордун китебиндеги кириш сөздү пайдалануу менен жазылды [1].

Кыргыздардын оюндарын ар тараптуу изилдешкен ушул окмуштуулардын ичине, кыргыз окумуштуусу этнограф Имель Бакиевич Молдобаевдин эмгектерин баса көрсөтүп кетүү биздин милдет. И.Б. Молдобаев өзүнүн илимий эмгек жолун кыргыздардын коңушу элдер менен болгон карыш-катышын кыргыз эпостору аркылуу байланышта карап, анын тарыхий-маданий байланышын изилдөөгө арнаган. Ал өзүнүн экспедицияларында бир эле этногенезди, үй-бүлөлүк-никелик мамилелерди, рухий жана материалдык маданиятты камтыган маалыматтарды жыйнабастан, ал кыргыздардын көңүл ачуусун, анын коңушу элдердин оюн-зоокторуна окшоштугун, алардын бир тарыхий окуяларда биригип калуусун изилдеген. Азыркы учурга чейин ал 1981-2001-жылдары этнографикалык, фольклордук жана башка маалыматтарды жыйноо максатында Түштүк Сибирде жашаган элдердин баары менен жолугушкан бирден-бир окумуштуу бойдон кала берет. Ушуну менен ал бул элдердин (хакастар, тувалар, алтайлыктар, сахалар, буряттар, тофалар) тарыхын жана этнографиясын изилдөөгө өзүнүн кандайдыр бир салымын коштук десек жаңылышпайбыз. Тилекке каршы заманбап кезде анын эмгектери бааланбай келет, бирок келечекте бул эмгектердин баалулугун кадырлап, барактаган учур келет деп үмүттөнөбүз.

Өзүнүн эмгектеринде И.Б. Молдобаев мындай деп баса белгилеген: «Мына ушундай жагдайда элибиздин маданиятынын бир бөлүгү болгон элдик оюн-зоокторду андан ары изилдеп, тактап элге жеткизүү биздин милдет» [2].

Жалпысынан алганда окумуштуулар көбүнчө Шабдан баатырдын жашаган мезгилин, XIX кылымдын аягы XX кылымдын башы, тарыхий жагынан карашкан. Ал эми Шабдан баатыр жөнүндө жекече алганда жазган авторлор көбүнчө анын саясий жана аскердик ишмердигин жазышат. Ал эми анын эс алып, көңүл ачуусуна, эмнегедир көп көңүл бурулбайт. Шабдан баатыр деле, өз убагында той-аштарга катышып, улуттук оюндарга кызыкчу. Бул болсо И.Б. Молдобаевдин Актан Тыныбековдун булактарына таянып айтылган материалдарында жакшы каралган [3]: «Солтонкул деген белгилүү адам өлгөндө уулу Сарыбай төгөрөктүн төрт бурчун чакырып, Ыссык-Көлдө атасына аш бермек болот. Солтонкул байдын ашында ат чабылат деп, уулу Сарыбай чабыла турган 355 аттын 25не байге сайат. Биринчи байгеге Сарыбай 1 миң минилбеген азоо жылкыларды койгон. Экинчи аттын байгесине 600 жылкы белгилейт. Байгелүү 25 аттын эң аягына 25 жылкы сайган. Ошондо жалаң бүт Кыргызстандын аймагынан эмес, кошуна казактардан Тезек төрө Чай буурул деген атын жетелетип 500 чатыр тиктирип келип түшүптүр. Ошондо: Бүтүн Атаке сарбагышты баштап алып, алтымыш казак, орус менен Чагатайдын Көк быштысын үпчүндөтүп беш жүз кылкандай сүрөөнчүсү бар Шабдан келип түштү».

Солтонкулдун ашы 5 күнгө созулуп, анын 4 күнү ар-кандай оюн зоок болмок болду. Мындан көрүнүп тургандай Шабдандын убагында кыргыздар оюн-зооксуз аш-той өткөрчү эмес. Мында да эки күнү керээли кечке эр сайыш, жамбы атыш, балбан күрөш, эр оодарыш, катындардын эр сайышы, көз таңмай, сүйрөшмөй жана башка тамашалар болгон. Бирок эң негизги элдин күткөнү «ат чабыш» болучу.

Ат чабыш эң акыркы күнгө белгиленген эле. Бирок ошол күндөрү, ашка дайындалган орус, кыргыз, казак жана башка улуттардан турган комиссияга элден арыз түшөт. «Эмне дегенде, далай кишилер ат, төөсүн жетелеп, нан, чай, кант, ун алууга Каракол шаарына киришсе эч нерсе табылбай унааларын куру алып келишкен экен. Кай бирлери Түп, Ак-Суу, Жергез, Байсоорун калааларына барып да куру келгендери болуптур» [4]. Ошондо комиссия Сарыбайды ат чабышты бир күнгө эрте өткөз деп мажбурлайт, анткени бир кишинин ашын беребиз - деп, бир топ жердин элине азык-түлүк жетпей калган экен.

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



Бул жерде И.Б. Молдобаев ат чабышка айрыкча баа берүү менен, аттарды даярдоочу саяпкерлердин ролун өзүнчө белгилеп келет. Буга бир мисал келтирсек болчудай. Ат чабыштын өтүшүн бир күнгө жылдырганда биринчи ирет саяпкерлер толкунданышат. Ар бир күндү пландаштырып, атын таптап жүргөн саяпкер буга өзгөрүш киргизүүгө аргасыз болот. Тилекматтын Чыныбай деген уулунун байбичеси Телегейдин саяпкердик да өнөрү бар экен. Ал жашырын түрдө Сарыбайга келип мындай деген экен. «Эми айтар сөзүм мындай эле, бай: эртең ат чабылса Шабдан баатыр алып келген Баякенин Көк быштысы чыгат же казактын Чай буурулу чыгат. А эгер бүрсүгүнү ат чабылса Чыныбайдын Торукашка аргымагы чыгар эле. Аргымактын эки тери бар эле, эртең чапсак аттын кыябы жок болуп кала турган, ошондуктан байдын байгесинен бир тай албайын бүрсүгүнчө токтотуп берер бекенсиз - деп айтсамбы деп келдим эле - деп Телегей жоолугун алып жашын сүрүп олтурду» [5].

Ошентип ат чабыш күнү да келет. Ысcык-Көлдүн 16 болуш эли сынчы карыя Жаныбектен: «Кимдин аты чыгат, кайсыл атты сүрөйлү?» - деп сурап калды. Жаныбек аттарды чубатууну дагы бир жолу карап жатып, Торукашкага көзү түшүп, мындай деген экен: « - ээ Баатыркан, бул Карач экөөң не Чыныбайдыкындай катын албайсыңар? Карачы ат таптаганын! Баракелде! Муну сүрөбөй эле «Тилекмат! Тилекмат!» деп эле аркасынан кыйкырып берсеңер. Бул ашта байгени мындан башка жылкы албайт го. Бугу, жылкың өрүшүндө эле, калат экен – деди Жаныбек» [6]. Чындап эле, мындан көрүнүп тургандай, Чыныбайдын Торкашка аргымагы чыгарын өздөрү эмес, карыя сынчы да билип койгон.

Эми ат чабыш туурасында сөз болуп жатканда Шабдандын ашындагы ат чабышка токтолуп кетели. Бул тууралуу жазып кеткен С.В. Дмитриевдин билдирүүсүндө күлүктөр үчкө бөлүнүп чабылган экен. Биринчиси 1912-ж. 11-октябрда 10 чакырымга бардык аттар чабылган. Тогуз байге белгиленип, биринчи байгеге 40 жылкы, 1 төө, ал эми акыркы 5-9 байгелерге бирден жылкы берилген.

Экинчи ат чабыш 12-октябрда өткөн. Мында да тукумуна карабай, тай – кунандар 10 чакырымга чабылган. 9 байге сайылган. Баш байге 200 сом, 1 төө болсо, 5-9 байгелерге бирден жылкы болгон. Эң башкы чоң ат чабыш 14-октябрда өтөт. Буга да бардык тукумдагы күлүктөр жашына карабай 38 чакырымга / 40,5 км/чабылып, 25 атка байге сайылган. Баш байге - 5000сом; экинчи байге - 1000сом; үчүнчү байге - 500 сом; төртүнчү - 200 сом; 5 байге - 100 сом; 6-9 байгелерге 84 сомдон жана бирден кытай жамбысы; акыркы 16 атка / 10-25 байгелерге / 50 сомдон коюлду[7].

Бул жерде биз эки нерсеге көңүл бургубуз келет. Байгелердин арасында кытай жамбысы аталып кетип жатат. И.Б. Молдобаевдин кол жазмасы боюнча, жамбылар кыргыздарда жалаң кана «жамбы атуу» оюнунда колдонулбастан, Кытай тарабынан акча катары киргизилген [8]. Жамбыны кытайлар юань бао дейт. Ошондон улам орустун ямба деген сөзү пайда болгон. Кыргыздар муну жамбы деп атап алышкан. Жамбы күмүштөн жасалган. Аны кытай мамлекети атайын көчмөн калктар, ошонун ичинде кыргыздар менен да соода жүргүзүү үчүн чыгарышкан. Бирок Европа мамлекеттери жамбы ыңгайсыз болгондуктан, Кытайга дооматтарын койушуп, 1925-ж. муну акча катары колдонууга тыйуу салынган [9].

Кыргыздарда жамбы өтө кеңири болбосо да акча катары да колдонулганы, анын бир топ түргө бөлүнгөнүнөн да билинип турат. XX кылымдын башында эле кыргыздарда жамбынын төмөндөгүдөй түрлөрү болгон экен: «чоң кулак жамбы» салмагы 5 кадака чейин, шаңшур же кытай жамбысы салмагы кичине жамбы, «тай туяк жамбы», «бөйрөк жамбы», «кой туяк жамбы», «уй көз жамбы», «кой көз жамбы» [10]. «Чочморо жамбы» памирдин кыргыздарында колдонулуп келген»[11]. Кейпи бир кездерде Кытайлардан жамбы күмүш уютку түрүндө акча катары чыгарылса, кийинчирээк кыргыздарда жамбыны «жамбы атуу» ойунуна да пайдаланып калышкан окшойт. Кыргыздарда жамбы акча катары да, «жамбы атмай» оюнунда да колдонулуп келгендиги «Манас» эпосунун саптарында тапсак болот [12]. Айырмасы кана эпостун саптарында жамбы алтындан жасалган [13]. Чындыгында эле кыргыздар алтындан жасалган жамбыларды колдонуп келиши ыктымал, анткени аларга алтындын өзү илгертеден бери белгилүү эмеспи.

Өзүнүн эмгектеринде И.Б. Молдобаев дагы бир нерсеге көңүл буруп кетет, аны билүү үчүн Шабдандын ашындагы ат чабышты болгон дагы бир эске аларык маанилүү фактыга кайрылалык. С.В. Дмитриевдин жазып кеткенине караганда ошол ат чабышта орус мырзаларынын күлүктөрү да катышкан. Ал күлүктөр англис, англис-түркмөн-кыргыз аралаш породадагы аттар эле. Бирок аштагы ар кандай ат чабыштарда бир да орус мырзалардын мактаган аттары биринчи байгеге ээ болбоптур. Буга далил катары С.В. Дмитриевдин өзүнүн сөздөрүн келтирели: «Баш байгени Альметьев мырзанын Жакерия деген күлүгү алат дешип эл гүүлдөп турган экен. Бирок орустардын тилегин таш каптырып, Пишпек уездинин Талканчы волостундагы Борончу Үтөгөн уулунун күлүгү биринчи болуп марага келди. 38 чакырым аралыкты бул күлүк 1 жарым саатта келип, ар бир чакырымды 1 мүнөт 35 жарым секунда жүгүрүптүр. Мурдагы рекорд 30 чакырымга чабылган В.П. Колоссовскийдин күлүгүнө тийиштүү болучу. Ал ар бир чакырымды 1 мүнөт 37 жарым секунда жүгүрүп өткөн. Ошентип Борончунун күлүгү жаңы рекордду койду. Андан соң 3 мүнөт 40 секундун ичинде дагы 8 ат келди. Алардын баары кыргыздардын күлүгү болучу. Дагы 50 секундан кий-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



ин гана онунчу болуп Борончунун күлүгүнөн кийин 4 жарым мүнөт дегенде барып Альметьев мырзанын Жакериясы марага келди. Тартип боюнча онунчу аттан жыйырма бешинчи атка чейин 50 сомдон байге сайылгандыктан Жакерия ошол байгеге илинди. Ал эми Бычков мырзанын Жучка деген күлүгү марага келгиче ат чабыш да тарап кетти. Көрсө чуркоого алып келбей, жолдон чыгып кетиптир. Ушул ат чабышта кыргыз тукумундагы аттар өздөрүнүн чыдамдуулугун, карылуулугун, аяктуулугун көрсөтө алышты. Андыктан бул тукумдагы жылкылардын сакталып калышы колго алынса, анда Жети-Суу облусунун жылкы чарбасынын өнүгүп - өсүшүнө чоң салым болоор эле» [14].

Жогоруда айтылгандар Имель Бакиевичтин жазууларында ошол тукумдагы күлүктөр болгондугун жана алардын кайсыл жерден чыккандыгын изилдөөгө негиз болот да, мындан көрүнүп тургандай Шабдандын учурундагы кыргыз жылкыларынын атагы чыгып турган породаларын сактап калууну Орус адамы айтып күйүп-бышып жатканын билдирет [15].

Кыргыздын улуттук оюндарын, анын ичинде Шабдандын ашындагы ат-чабышты өз көзү менен көрүп жазгандардан Б. Солтоноевди айта кетүү зарыл. Ал дагы кыргыздын аттарын белгилеп кеткен. Бирок, негизинен ал өз эмгегинде ашка жумшалган чыгымга кана көбүрөк көңүл бурган [16].

Шабдан баатырдын мезгилиндеги чоң ат чабыштарды «Манас» эпосундагы «Көкөтөйдүн ашындагы» ат чабыштарга салыштырсак укмуштуудай окшоштугун байкоого болот. Ошондон улам манасчылар чоң аш-тойлордогу ат-чабыштарды өз көздөрү менен көрүп, эпостун текстине киргизип алышкан болуу керек деп ойлойсуң. Айырмасы кана «Манаста» «ат-чабыш» эпикалык мыйзам ченемдүүлүк менен айтылган.

Ат чабыштан башка Шабдан баатыр бир топ улуттук оюндарга кызыгып, өзү да жакшы күйөрман болгон экен деп айтсак болот. Өзүнүн изилдөөлөрүндө И.Б. Молдобаев буларды белгилеп кетет: Шабданды көргөн-билген жана изилдөөчүлөрдүн маалыматтары боюнча ал, ак-көңүл, адилет, калыс адам болуптур. Анын бул сапаттары оюн-зоок чөйрөсүнө да тиешелүү. Буга мисал катары, бул туурасындагы ордо оюнундагы Шабдандын калыстык кылганын айта кетели. Бишкекте өткөн бир жолку топто Кочкордун болушу Өтөнбай, Ат-Башынын болушу Чоко ордо атышыптыр. Ошондо Шабдан, Баяке, Байтик, Сооронбай, Мамбетаалы, Чолпонкул, Рысбекке окшогон журт башчылары калыс болушуптур. Бир маалда Суранчы аттуу мыкты ордочунун аты жок манжасы канап кеткенде, Чоко чуркап келип Суранчыны чийден чыгара ыргытып жиберет. Чыр чыгып, Өтөнбай менен Чоконун тараптары урушуп кете турган болуп, араң токтошот. Айла кетип калганда Шабдан баатырдан калыстыкты сурашыптыр. Ошондо Шабдан Мындай деген экен: «Жыдыганын жыдыды, бирок бул баланын өнөрүн катуу укчу элек, ат которуп сол жакы колу менен атса уluксат болсун» - дегенде эл чуулдап Шабдандын сөзүн колдоп кетишти [17].

Эртеси баягы Суранчы деген мыкты ордочу жигити Жакып менен базарды аралап кыдырып жүрүшсө, алдынан Шабдан, Баякелер чыгып калат. Ошондо Шабдан Суранчыны жолдошу менен эрчитип барып бир дүкөнчү өзүбек жигитке дайындаптыр: «Мынабу эки балага каалаган буюмдарын өзүлөрүнүн алышынча бер. Пулун менден аласың»[18] - деп туруп кеткен экен. Мындан көрүнүп тургандай Шабдан баатыр улуттук оюндарды жана мыкты оюнчуларды, азыркы тил менен айтканда спортсмендерди баалай билген, аларга материалдык жардамды көрсөтүп келген.

Башка оюндар менен бирге, И.Б. Молдобаев күрөшкө артыкча токтоло кетет [19]. XX кылымдын эле башында «Балбан күрөштүн» шаан-шөкөттөрү көп болгон. Буга ал мисал катары Актандын сөзүн келтирет. Балбан күрөш Актандын айтуусунда аштарда, кыз берген тойлордо, бала олтургузган тойлордо, келин алган тойдо, кээде чоң шеринелерде, айттарда жана советтик чоң майрамдарда болгон... Ар бир уруу элден бирден киши бөлүнүп элдин орто жеринде атчан турушуп, калыс болушат. Эл тынчтанып калган кезде ырчылар жар чакыра баштайт [20].

Эми биз балбан күрөштүн эрежелерин толук айтып олтурбай (бул тууралуу тийиштүү адабияттарда жазылган), тек кана бул жерден И.Б. Молдобаевдин күрөштүн дагы бир жагдайына көңүл бура кеткенинин себебине токтоло кетели. Жалпыга белгилүү болгондой, балбандарды күрөшкө таекчилер алып чыгышкан. Балбандар халатчан чыгып, таекчилер анын халатын чечип күрөшкө даярдашкан. Балбандар белинен жылаңач, кандагай деген атайын күрөшкө ылайык жасалган тери шымды кийип чыгышкан. Жеңген спортсмен өзүнүн уругунун ураанын чакырып, чогулган элди бир-эки айланган. Жарчылар аны макташкан. Эл аны майдандан көтөрүп кетишкен [21].

Илимпоздун себеби мында: XX кылымдын башында эле балбан күрөштүн шаан-шөкөттөрү көп экен. Эмки улуттук күрөштө мунун бири да калган эмес. Деген менен дал ушул шаан-шөкөттүн баары Айтмакчы «Манаста» да ушундай айтылат алыскы Саян тоолорунда, Енисей дарыясынын башатында жашашкан Тува элининин улуттук күрөшүндө сакталып калган экен. Албетте шаан-шөкөттөр өзгөргөн, спортсмендердин костюмдары да башкача. Бирок көзгө урунар көрүнүш: Туванын азыркы спортсмендери кыргыздын күрөшүнө окшоп салмактарга бөлүнбөйт экен. Ар бир спортсменди секунданттары таякчилер алып чыгып алар элди бир сыйра айланып, бүркүттүн бийин бийлешип, анан күрөшө башташат экен. Мисалы күрөштү 64 спортсмендер баштаса, жеңилгени

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



чыгып отуруп, акыры экөө калып жеңгени чемпион болот экен. Эл мындай жерге абдан көп келип, стадионго батпай калат экен.

Азыркы учурда Кыргызстанда улуттук күрөштүн шаан-шөкөттөрү таптакыр жоголгон деген окумуштуулардын айтканына толугу менен кошулабыз. Ошондуктан күрөшкө эл аз барат, анткени кызыгы таптакыр азайып калган. Бул тууралуу И.Б. Молдобаев 1993-ж. Бишкекте өткөн Чыгыш таймаштары жана улуттук спорттук түрлөрү боюнча биринчи эл аралык илимий практикалык конференцияда ««Манас» эпосу улутту күрөштү калыбына келтирүү тууралуу» деген докладында айтып кетткен эле. Ошондо мисал катары Тува элинин улуттук күрөшүнүнүн азыркы күндөргө чейин келип жеткен илгерки биздикине окшош келген бир топ шаан-шөкөттөрүн айттым эле [22]. Бирок азыр деле спорт чөйрөсүндө иштеген адистер муну эске албай жатышканына күбө болуп жатабыз.

Шабдандын мезгилинде ар кандай той-аштарда, майрамдарда азыркы мезгилге караганда алда-канча көп оюн-зооктор өткөрүлчү экени түшүнүктү. Ооба, практика жүзүндө бардык оюндарды карап чыгуу өтө татаал. Бирок эр сайыш сыяктуу адамдын өмүрүнө коркунуч туудурган оюдар туура эле токтотулган деген илимпоздорду сөз жок колдойбуз. Мисалы, ошол эле Шабдандын ашындагы эр сайышта эки мыкты жигит беттешип экөө тең көп узабай өлүп калышкан. Бул эр сайышты өз көзү менен көрүп жазып кеткен С.В. Дмитриев буга абдан туура баа берип, мындайча жыйынтыктаган: «Жогоруда мен жазган эр сайыш өзүнүн трагедиясы менен мындан ары эч качан кайталанбайт го деп ойлойм. Мындай жырткычтыкка, өлүмгө жергиликтүү бийлик уруксат бере койбос. Бирок көчмөндөрдүн көптөгөн бөлөк жакшынакай салттары ушул шартта бара-бара жоюлуп кетип, анан таптакыр унутулуп калаары бышык. Андыктан булардын баардыгын илим үчүн эмитен баштап колго алып, ар тараптан терең изилдениши керек, антпесе кийин кеч болуп калат» [23].

Кыргыздардын оюн-зоогунда чоңдорго арналган оюндар да кездешет бирок алар окумуштуулардын илимий иштеринде абдан сейрек кездешет. Мисал катары төө чечмей оюнуна кайрылалы. Бул оюндун акыркысы Ормон хандын убагына чейин келиптир. Ормон хан бир катар койдурган экен. Анан бул кызык экен деп кай бири дагы уланталы дегенде «Шабдан, Чыныбай, Байтик, Курманжандардын убагында төө чечмей калтырылган экен деп, эл карыялары айтышат» [24]. И.Б. Молдобаев өзүнүн кол жазмаларында [25] бул оюндардын эротикалык мүнөзүнүн артыкчылыктарын белгилеп, XIX кылымдын аягында мунун диний функциялары, Симаков Г.Н. [26] өзүнүн изилдөөлөрүндө белгилеп кеткендей, унутулуп уят оюнга айланып кеткен.

Бул жерде биз абдан сейрек кездешүүчү «балкантоо» деп аталган дагы бир оюнга токтоло кетүүнү туура таптык. Оюндун максаты таанышынын же жолдошторунун биринин жүрөгүн түшүрүү. Муну баштаган адам бетине камырдан чоң мурун жабыштырып, чекесине кагаздан маскага окшогон бир нерсе кийип, ээгине аттын кылдарынан сакал байлап, бойок менен бетин бойоп, таанылгыс болуп алган. Андан кийин ал коркунучтуу кийим кийинип, мисалы эски тонду тескерисинен кийинип, жолдошу келе турган жолду аңдып, жашынып турган. Келе турган киши жакындаганда, баягы жашынып жаткан неме капысынан тура калып, коркунучтуу катуу үн чыгарып, келе жаткандын эсин чыгарган. Бул тамаша түн ичинде өткөрүлгөн. Кумардан канам дегендер да жашынып турган. Кокус бул тамаша ойдогудай болуп чыкса бардыгы күлүп калчу экен. Корккон киши да айла жок күлчү экен, эгер ошого чейин эсин жыйа алса. Кыргыздын XIX кылымдын аягындагы XX кылымдын башындагы оюн-зоокторун изилдөөчү Г.Н.Симаков муну театр белгилери бар оюндарга киргизет. Бирок «балкан тоо» дегенди - «балкан» - непереводимо, тоо - «гора» - деп берген [27]. И.Б. Молобаевдин айтуусу боюнча, балкан деген сөздүн өзүн тоонун аты катары кабыл алыш керек. Мисалы Ала-Тоо, Теңир-Тоо ж.у.с. Ошондой эле Балкан тоо [28]. Ал эми туркмендердин «Гер Оглы» деген эпосунда Балкан Туркменияньн түштүк-батышындагы тоо, туркмендердин өлкөсү Гер-Оглынын туулуп өскөн жери деп түшүндүрүлөт [29]. Ушундан улам кыргыздын азыр унутулуп калган «балкан тоо» аттуу оюнунун башаты анын мазмунуна караганда XI кылымда Туркменияньн Балкан тоосунда болуп өткөн кыргындан башталабы деген ой келет. Бул пикирдин тууралыгын тастыктоо үчүн кыргыз-туркмен байланыштарын И.Б. Молдобаевдин «Манас» эпосунан келтирген мисалын айтсак болот. Ушуга байланыштуу азыр унутулган кыргыз балдарынын «кызыл өгүз», «көк бука деген» оюндарын атап кетсек болот [30].

Жогоруда айтып өткөндөрүбүздү жыйынтыктаганда, XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында, тактап айтканда Шабдан баатырдын мезгилинде кыргыздын оюн-зооктору күчүнө кирип турган. Азыркы муундагыларга ошол кездеги улуттук оюндардын көп болсо ондон бир бөлүгү тааныш. Ошондуктан улуттук оюндарды кеч болсо да толугураак изилдеп калуу зарыл. Имель Бакиевич Молдобаевдин өзүнүн илимий эмгек жолунда этнографиянын ар түрдү багыттарын изилдөөсү, анын ичинен улуттук оюндарды изилдеши, кыргыздардын башка коңшу, элдер менен болгон тарыхий-маданий байланышын дагы мүчүлүштөрдү толтуруу үчүн жүргүзүлгөн изилдөөлөрү азыркы муунга мурас катары калат деп ойлойбуз. И.Б. Молдобаевдин изилдөөлөрдүн негизинде турмушубуздун бир топ тармактарына пайдасы тие тургандай

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



натыйжаларды алсак болот деген ойдобуз. Мисалы «балкан тоо» аттуу жогоруда көрсөтүп кеткен оюн кыргыздын тарыхына шоола чачыратып тургансыйт. Эгер Туркмениядагы Балкан Тоо кырылышына байланыштуу болуп чыкса, кыргыздар XI кылымда Орто Азиянын территориясына келгени аныгыраак боло түшөт. Кай бир оюндун, мисалы күрөштүн азыркы кездеги абалын алсак Шабдандын убагына караганда шаан-шөкөтүн алда канча жоготуп койгонун байкайбыз. Ошону үчүн азыркы кездеги күрөштү мурдагы калыбына келтирүү зарыл. Кай бир оюндарды жандандыруу керек. Аларга өтө көп каражат деле жумшалбайт. Мисалы селкинчек, үйлөнүү тойундагы оюндар, жамбы атмай жана башка улуттук оюндарды кайра калыбына келтирсек артыкбаш болбос.

**Литература:**


1. Симаков Г.Н. Общественные функции киргизских народных развлечений в конце XIX - начале XX вв. Историко-этнографические очерки. - Л.: Наука, 1984.
2. Молдобаев И.Б. Эпос "Жаныш и Байыш" о народных играх и развлечениях // История и современность. - Фрунзе: Илим, 1982.
3. Сооронов О. «Унутулган» уул же урпактар самаган жазмалар. // Актан Тыныбек уулу түзгөн жана баш сөзүн жазган Омор Сооронов. - Бишкек: Адабият, 1991. - 3-18-бб.
4. Сооронов О. «Унутулган» уул же урпактар самаган жазмалар. // Актан Тыныбек уулу түзгөн жана баш сөзүн жазган Омор Сооронов. - Бишкек: Адабият, 1991. - 278-б.
5. Сооронов О. «Унутулган» уул же урпактар самаган жазмалар// Актан Тыныбек уулу түзгөн жана баш сөзүн жазган Омор Сооронов. - Бишкек: Адабият, 1991. - 280-б.
6. Сооронов О. «Унутулган» уул же урпактар самаган жазмалар. // Актан Тыныбек уулу түзгөн жана баш сөзүн жазган Омор Сооронов. - Бишкек: Адабият, 1991. - 287-б.
7. Дмитриев С.В. Шабдан ашындагы ат чабыш. // Шабдан баатыр. / «Ала-Too» журналынын тиркемеси. / Башкы ред. К.Жусупов. Түзгөн Н.Капаров. - Бишкек, 1992. - 127-б.
8. Молдобаев И.Б. «Манас» историко-культурный памятник кыргызов. - Бишкек, 1995. - 268-б.
9. Ивочкина Н.В. О китайских серебряных слитках - «ямбах» / Из истории денежного обращения в Китае. // 10 Научная конф. «Общество и государство в Китае». Тез. докл. Ч.2. - М., 1979. - 146-155-бб.
10. Симаков Г.Н. Общественные функции киргизских народных развлечений в конце XIX - начале XX вв. Историко-этнографические очерки. - Л.: Наука, 1984. - С. 74.
11. Абрамзон С.М. Свадебные обычаи киргизов Памира. // Труды Института истории, археологии и этнографии АН. - Таджикской ССР. - Душанбе, 1960. - 32-б.
12. Манас: Эпос. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. - 3-китеп. - Фрунзе: Кыргызстан, 1981. - 163-164-бб.
13. Молдобаев И.Б. «Манас» историко-культурный памятник кыргызов. - Бишкек, 1995. - С. 270.
14. Дмитриев С.В. Шабдан ашындагы ат чабыш. // Шабдан баатыр. / «Ала-Тоо» журналынын тиркемеси. / Башкы ред. К.Жусупов. Түзгөн Н.Капаров. - Бишкек, 1992. -126-127-бб.
15. Молдобаевдин И.Б. талаа жазуулары. - 1985-1995-жж.
16. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы китеп. - Бишкек, 1993. - 11б.; 208-210-бб.
17. Рыскулов С. Ордо. // Шабдан баатыр. - 163-б.
18. Рыскулов С. Ордо. // Шабдан баатыр. - 163-б.
19. Молдобаев И.Б. «Манас» историко-культурный памятник кыргызов. - Бишкек, 1995. - 274-275-бб.
20. Актан. Кыргыздын улуттук оюндары. - Б., 2018. - 192-б.
21. Симаков Г.Н. Общественные функции киргизских народных развлечений в конце XIX - начале XX вв. Историко-этнографические очерки. - Л.: Наука, 1984. - С. 68.
22. Молдобаев И.Б. «Манас» историко-культурный памятник кыргызов. - Бишкек, 1995. - 277-280-бб.
23. Дмитриев С.В. Шабдан ашындагы ат чабыш. - М., 2015. - С. 128.
24. Актан. Кыргыздын улуттук оюндары. - Б., 2018. - 242-б.
25. Молдобаев И.Б. Талаа жазуулары. 1985-1995-жж.
26. Симаков Г.Н. Общественные функции киргизских народных развлечений в конце XIX - начале XX вв. Историко-этнографические очерки. - Л.: Наука, 1984. - С. 122.
27. Симаков Г.Н. Общественные функции киргизских народных развлечений в конце XIX - начале XX вв. Историко-этнографические очерки. - Л.: Наука, 1984. - С. 116.
28. Молдобаев И.Б. Талаа жазуулары. 1985-1995-жж.
29. Гер-Оглы. Туркменский географический эпос. - М.: Наука, 1983. - 794-б.
30. Молдобаев И.Б. «Манас» историко-культурный памятник кыргызов. - Бишкек, 1995. - 163-164-бб.
31. Боркошев М.М., Тешебаев А.К., Жакыпова Г., Ташматова Н. Кыргызские национальные игры в исторических памятниках. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2016. №. 8-1. - С. 233-235.